**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Айдар Акылбекович Аблабековдун кызыкчылыгын көздөгөн Эркинбек Белекович Ирискулбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 21-октябрындагы аныктамасына даттануусу боюнча

# Т О К Т О М У

2024-жылдын 26-декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.П. Жумабаев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы А.Т. Таалайбековдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 21-октябрындагы аныктамасына карата Айдар Акылбекович Аблабековдун кызыкчылыгын көздөгөн Эркинбек Белекович Ирискулбековдун даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

А.А. Аблабековдун кызыкчылыгын көздөгөн Э.Б. Ирискулбековдун өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 20-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна А.А. Аблабековдун кызыкчылыгын көздөгөн Э.Б. Ирискулбековдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 154-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 59-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтүн мазмунуна ылайык, Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгынын тергөө органдары тарабынан арыз ээлери А.Т. жана А.Э.ге мүлктүк зыян келтирүү менен байланыштуу эки эпизод боюнча Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 209-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган кылмыштарды жасагандыгына (алдамчылык) айыпталуучу катары А.А.Аблабековду жоопкерчиликке тартуу жөнүндө токтом чыгарылган.

Тергөөнүн версиясы боюнча, эки эпизодду тең айыпталуучунун мүлктүк пайда алуу үчүн оозеки макулдашууларды жана үчүнчү жактардын ортомчулугун колдонуусу бириктирет, анын натыйжасында арыз ээлерине өзгөчө ири өлчөмдө материалдык зыян келтирилген. Биринчи учурда, айыптоо оозеки бүтүмгө негизденет, ал боюнча “Mercedes Benz” маркасындагы автоунаасынын ээси болуп саналбаган А.Т., аны А.А.Аблабековго өткөрүп берген, мында кийинчерээк зайымдык келишимде белгиленген акча каражаттарын кайтарып берүү милдеттенмеси аткарылган эмес.

Арыз ээси айыптоо бөтөн бирөөнүн мүлкүн ээлеп алуу фактысына байланыштуу эмес, оозеки бүтүмдүн шарттарын аткарбаганга байланыштуу деп эсептейт, ал эми автоунаанын ээси А.К. жана анын ишеним кат боюнча иш алып барган өкүлү К.К. айыпталуучуга эч кандай доомат койгон эмес.

Тергөөнүн алкагында негизги далил болуп А.Т. жана анын бир тууганы Н.Т. көрсөтмөлөрү саналат, алар оозеки бүтүмгө шилтеме жасашат.

Экинчи учурда, айыптоо А.Э.нин арызына негизделген, ал А.А. Аблабеков акча каражатын көбөйтүп берем деген шылтоо менен анын уулу А.К. аркылуу акча алган, ал эми ал өзү айыпталуучу менен тааныш эмес жана аны менен эч кандай бүтүм түзгөн эмес. Кылмыш ишин козгоого жабырлануучунун жана анын уулунун көрсөтмөлөрү негиз болгон, бирок, арыз ээси акча каражаттарын бергендигинин жана келтирилген зыяндын иш жүзүндөгү жагдайлары тергөө тарабынан аныкталган жок деп эсептейт.

Ошентип, өтүнүчтө көрсөтүлгөндөй, эки кылмыш ишинин жагдайлары тараптардын ортосунда жарандык-укуктук мамилелердин бар экендигин көрсөтүп турат. Ушуга байланыштуу бүтүмдөрдүн шарттарын аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо кылмыш ишин козгоо үчүн негиз болбошу керек. Өтүнүчтө ошондой эле жарандык-укуктук милдеттенмелерди, өзгөчө оозеки бүтүмдөр боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине мыйзамсыз тартуунун орун алган практикасы баса белгиленет, бул укуктук мамлекеттин негизги принциптерин бузат.

Тергөө органдарынын мындай аракеттери үчүн укуктук негиз болуп КЖПКнын 154-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун талашылып жаткан ченеми саналат, ал жазуу жүзүндө гана түзүлгөн жарандык-укуктук бүтүмдөрдү аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жазык ишин козгоонун жол берилбестигин белгилейт. Бул жобо, арыз ээсинин пикири боюнча Конституциянын 59-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет, ага ылайык эч ким кандайдыр бир жарандык-укуктук милдеттенмесин аткарууга мүмкүнчүлүгү жоктугунун негизинде гана эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес.

Өзүнүн жүйөлөрүн колдоп, арыз ээси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 7-майындагы Чечимине шилтеме жасаган, анда кылмыштуу ниеттин белгилери жок болсо, жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткаруу үчүн кысым көрсөтүүнүн куралы катары

жазык куугунтугунун колдонулушунун мүмкүн эместиги көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, арыз ээсинин пикири боюнча талашылып жаткан жобо Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет, ал мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдейлигин кепилдейт. Жазуу жүзүндөгү жана оозеки түрдөгү бүтүмдөрдүн ортосунда айырмачылыктарды киргизүү, муну менен бирге жазуу жүзүндөгү келишимдер боюнча гана жазык куугунтугунан коргоону камсыз кылуу менен негизсиз теңсиздикти түзүп, оозеки бүтүмдөрдүн катышуучуларын жазык-укуктук көз караштан алганда кыйла чабал абалга коет.

Баяндалгандарды эске алуу менен, арыз ээси "жазуу жүзүндөгү" деген сөздөр менен баяндалган КЖПКнын 154-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун ченемдик жобосун Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп табууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 21-октябрындагы аныктамасы менен А.А.Аблабековдун кызыкчылыгын көздөгөн Э.Б.Ирискулбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Судьялар коллегиясынын белгиленген актысында талашылып жаткан жобонун конституциялуу эместиги жөнүндө арыз ээсинин жүйөлөрү бир конкреттүү жазык иши боюнча тергөөнүн фактыларын көрсөтүү менен гана чектелип, талашылып жаткан ченемдик жобонун Конституциянын жөнгө салуучу күчүнө туура келген жетиштүү укуктук негиздемени камтыбай тургандыгын көрсөткөн. Башкача айтканда, конкреттүү иш боюнча тергөө органынын чечими тиешелүү укук ченеминин конституциялык негиздүүлүгүнө карата күмөн саноонун пайда болушуна негиз катары каралышы мүмкүн эмес. Арыз ээси шилтеме жасаган тергөөнүн иш жүзүндөгү жагдайларын кароо Конституциянын 97-беренесинде жана "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинде аныкталгандай, Конституциялык соттун компетенциясынын чектеринен чыгат.

Судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон Э.Б.

Ирискулбеков 2024-жылдын 13-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын өтүнүчтү өндүрүшкө алуудан баш тартуу жөнүндө чечимин негизсиз деп эсептейт, анткени анын пикири боюнча, өтүнүчтө талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугун текшерүү талабын негиздөөчү укуктук жүйөлөр камтылган. Тактап айтканда, арыз ээси талашылып жаткан жобо жазуу жүзүндөгү жана оозеки түрдө түзүлгөн бүтүмдөрдүн ортосунда негизсиз айырмачылыктарды киргизип, муну менен Конституцияда кепилденген мыйзам алдында теңдик принцибинин бузулгандыгын белгилейт.

Арыз ээси ошондой эле бул айырмалоо өзүн актоочу укуктук максатка ээ эмес экендигин жана чектөөлөрдүн коомдук маанилүү максаттарга өлчөмдөштүгү принцибине туура келбей тургандыгын белгилейт.

Э.Б. Ирискулбеков, анын өтүнүчү конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келет деп эсептейт, анткени талашылып жаткан ченем конкреттүү ишке гана тиешелүү болбостон, бүтүм оозеки түрдө түзүлгөн учурларда башка жарандардын конституциялык укуктарын коргоого да таасирин тийгизиши мүмкүн жана алардын укуктарына тобокелдиктерди жаратат.

Арыз ээсинин пикирине ылайык өтүнүчтү кабыл алуудан баш тартуу анын Конституциянын 97-беренесинде кепилденген сот адилеттигине жетүү укугун жана мыйзам алдында бирдейлик принцибин бузат. Арыз ээси, ошондой эле Конституциялык сот мыйзамдын текстин гана эмес, анын практикалык колдонулушун да кароого милдеттүү, анткени бул ченемдин конституциялык принциптерге шайкештигин баалоого мүмкүндүк берет деп тастыктайт.

Баяндалгандарга байланыштуу, арыз ээси судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 21-октябрындагы аныктамасын жокко чыгарууну, “жазуу жүзүндөгү” деген сөздөр менен баяндалган КЖПКнын 154-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун ченемдик жобосунун Конституцияга

ылайыктуулугун текшерүү жөнүндө өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алууну жана оозеки териштирүү жол-жобосу боюнча даттанууну арыз ээсинин милдеттүү катышуусунда кароону өтүндү.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын даттанууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин карап чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамга ылайык бардык арыз ээлери конституциялык көзөмөл органына кайрылганда кайрылуунун формасына, мазмунуна, субъекттик курамына жана даттануу берүүнүн жол-жобосуна белгиленген талаптарды сактоого милдеттүү (4, 19-28-беренелер). Бул талаптар кайрылуулардын системалуулугун жана негиздүүлүгүн камсыздоого багытталган, алар адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоодо маанилүү элемент болуп саналат.

Жеке жактар тарабынан берилген кайрылуунун мазмунуна карата милдеттүү шарттардын бири болуп ал койгон маселе боюнча арыз ээсинин позициясынын берилиши жана анын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктерин бекемдеген Конституциянын ченемдери менен системалык байланышта анын укуктук жактан негизделиши саналат. Мындай негиздөө арыз ээсинин пикири боюнча талашылып жаткан ченемдин аракеттери же колдонулушу жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин кантип бузуп жатканын көрсөтүүгө тийиш.

Судьялар коллегиясы аныктаманы кабыл алуу үчүн негиздерди аныктоо процессинде аны жетекчиликке алып, мыйзамдарга, эл аралык укукка, ошондой эле бардык берилген материалдарга комплекстүү жана ар тараптуу талдоо жүргүзөт. Мындай ыкма талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугунан мүмкүн болуучу күмөндүүлүктү аныктоого, алардын Конституцияга ылайык келүүсүнө жана арыз берүүчүнүн жүйөлөрүнүн негиздүүлүгүнө баа берүүгө багытталган. Ушуга байланыштуу, судьялар

коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууну негиздөөдө маселенин өзүнүн маңызына таасир этпеген өз жүйөлөрүн келтирүүгө укуктуу.

Арыз ээси өзүнүн өтүнүчүндө жазуу жүзүндө түзүлгөн же сотто каралган жарандык-укуктук бүтүмдөр аткарылбаган же талаптагыдай эмес аткарылган учурда кылмыш ишин козгоодон баш тартуу институтуна кайрылат. Арыз ээсинин пикири боюнча бул жобо жазуу жүзүндөгү бүтүмдөрдү түзүүгө катышкан адамдарды гана жазык куугунтуктоосунан коргоону камсыз кылуу менен мыйзам жана сот алдында тең укуктуулук принцибин бузат, муну менен оозеки бүтүмгө катышкандарды мындай коргоодон ажыратат. Мындан тышкары, жарандык-укуктук милдеттенмени аткаруу мүмкүн эместигинен гана эркиндигинен ажыратууга жол берилбестиги жөнүндө жобону (Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгү, 59-беренесинин 2-бөлүгү) бузат.

Конституциялык сот КЖПКнын 154-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пункту жарандык-укуктук жана кылмыш-укуктук жоопкерчиликти айырмалоого багытталганындыгын жана укуктук мамлекетте граждандык милдеттенмелерин аткарбагандыгы үчүн адам эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн болгон жагдайды болтурбоо үчүн кепилдиктерди камсыздай тургандыгын белгилейт. Милдеттенмелерди аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруудан келип чыккан жарандык-укуктук талаш-тартыштар өзүнүн табияты боюнча коомдук коркунуч менен байланыштуу эмес жана жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында чечилүүгө тийиш.

Граждандык кодекске ылайык, граждандык-укуктук милдеттер деп мыйзамдарда каралган негиздерден, ошондой эле граждандардын жана юридикалык жактардын алар үчүн каралбаган, бирок жалпы башталыштардан жана граждандык мыйзамдардын маанисинен улам граждандык укуктарды жана милдеттерди пайда кылган аракеттеринен келип чыккан милдеттенме түшүнүлөт (7-берене).

Мындай негиздерге жазуу жүзүндө да, оозеки түрдө да түзүлгөн

бүтүмдөр кирет. Бүтүмдөрдүн эки категориясы тең милдеттенмелердин келип чыгышы жана аларды аткаруу же сот тартибинде талашуу мүмкүнчүлүгү менен байланышкан жалпы укуктук кесепеттерге ээ. Бирок бүтүмдүн формасындагы айырмачылыктар, далилдөөчү күч жана укуктук кесепеттер бул формалардын ар биринин өзгөчөлүгү менен шартталган.

Жазуу жүзүндөгү бүтүмдөр тараптар үчүн көбүрөөк укуктук аныктыкка, далилдик күчкө ээ жана азыраак тобокелдикти камсыздайт, оозеки бүтүмдөрдү талаш-тартыштар келип чыккан учурда далилдөө жана аткаруу татаал болушу мүмкүн. Оозеки бүтүмдөрдү алсак, мыйзамда же тараптардын макулдашуусу менен жазуу (жөнөкөй же нотариалдык) жүзүндөгү формада талап кылынбаган бардык учурларда Граждандык кодекс аларды түзүүнү жокко чыгарбайт. Ошол эле учурда аталган Кодекс оозеки түрдө бүтүмдөрдү жасоону субъекттик курамынын белгиси жана анын предметин түзгөн суммага жараша чектейт, ал эсептик көрсөткүчүнүн өлчөмүнөн он эседен ашпоого тийиш (Граждандык кодекстин 177-беренеси).

Ошентип, мыйзам чыгаруучу жазуу жүзүндөгү жана оозеки түрдөгү бүтүмдөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды киргизүү менен биринчиден, бүтүмдүн суммасынын өлчөмүнөн улам талаш-тартыштар келип чыккан учурда, экинчиден, анча олуттуу эмес бүтүмдөрдү жасоо тартибин жөнөкөйлөштүрүү максатында укуктук ченемдерди иретке келтирүү жана жарандык-укуктук макулдашуулардын тийиштүү далилдүүлүгүн камсыз кылуу максатын көздөгөн. Ушуну эске алуу менен жарандарды жарандык-укуктук милдеттенмелер үчүн жазык куугунтугунан коргоого карата мыйзам чыгаруучунун мындай мамилеси күмөндүү болуп саналбайт.

Ал эми жарандык-укуктук бүтүм кылмыштуу аракеттерди жаап-жашыруу же кылмыштуу максаттарга жетүү үчүн, анын ичинде жарандык мыйзамдардын талаптарына жооп бербеген формада жана юридикалык кесепеттерди жаратуу ниети болбостон жалган бүтүм түзүү жолу менен пайдаланылышы мүмкүн болсо, ал таптакыр башка маселе.

Конституциялык сот ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн иштеп

жаткан укуктук институту иш жүзүндө белгилүү бир окуя болгонун, ал укукка жат аракеттердин же объективдүү турмуштук жагдайлардын натыйжасында келип чыктыбы, ошол эле учурда жарандык-укуктук укук бузуунун же жазык кылмышынын белгилери бар-жогун жетиштүү деңгээлде баалоого жөндөмдүү деп эсептейт.

Ошентип, оозеки бүтүмдөрдөн келип чыккан жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн адамдарды жазык жоопкерчилигине мыйзамсыз тартуу тенденциясынын тергөө практикасында бар экендиги жөнүндө арыз ээсинин жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдик жобонун арыз ээсинин талаптарында көрсөтүлгөн Конституциянын ченемдерине ылайык келүүсүнө карата белгисиздиктин болушун ырастаган укуктук жүйөлөр катары бааланышы мүмкүн эмес. Даттанылып жаткан аныктамада белгиленген судьялар коллегиясынын ушундай эле тыянагы укук ченемдүү болуп саналат, ушуга байланыштуу Конституциялык сот аны жокко чыгаруу үчүн негиз тапкан жок.

Арыз ээсинин милдеттүү катышуусунда оозеки териштирүүнүн жол-жобосу боюнча даттанууну кароо жөнүндө арыз ээсинин өтүнүчүнө карата Конституциялык сот, конституциялык сот өндүрүшүндө кайрылууга жол берилиши жөнүндө маселени кароо стадиясында, анын ичинде судьялар коллегиясынын актысына даттануу стадиясында анын тыянактарына баа берүүнү кошо алганда, кайрылуунун субъекттери сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын статусуна ээ болбой тургандыгын жана алардын Конституциялык соттун отурумуна катышуу жөнүндө өтүнүчтөрү, талаптары эске алынышы мүмкүн эместигин белгилейт. Арыз ээсинин кайрылуусунда жана даттануусунда коюлган маселелердин маңызына таянып, Конституциялык сот оозеки соттук териштирүүнүн жол-жобосу боюнча отурумду өткөрүүнүн зарылдыгын тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Айдар Акылбекович Аблабековдун кызыкчылыгын көздөгөн Эркинбек Белекович Ирискулбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 21-октябрындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**